УДК 81'373:342.4(575.2)
DOI: 10.36979/1694-500X-2023-23-10-64-68

# НЕКОТОРЫЕ ПОЛИТИЧЕСКИЕ ТЕРМИНЫ, ИСПОЛЬЗУЕМЫЕ В КОНСТИТУЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (НА ОСНОВАНИИ КОНСТИТУЦИИ И ЗАКОНА)

***Б.Т. Апышова***

*Аннотация.* Термины как совокупность слов составляют основную группу лексического пласта кыргызского языка. Появление и развитие терминов тесно связано с развитием и преобразованием общества. Одними из актуальных проблем в деятельности каждого профессионального терминолога являются исследование условий образования и оценка современной политической терминологии кыргызского языка на примере Конституции, законодательных актов и постановлений Кабинета министров. В статье представлена информация об истории нашей страны, о принятых конституциях и об употреблении определённых политических терминов.

*Ключевые слова:* история; закон; термин; политические слова; Конституция; политическая ситуация; общество; правительство; официальный текст; государство.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫНДА КОЛДОНУЛГАН АЙРЫМ САЯСИЙ ТЕРМИНДЕР (КОНСТИТУЦИЯНЫН ЖАНА МЫЙЗАМДЫН НЕГИЗИНДЕ)

***Б.Т. Апышова***

*Аннотация.* Терминдер сөздөрдүн жыйындысы катары кыргыз тилинин лексикалык сөз катмарларынын негизги тобун түзүп турат. Терминдердин пайда болуусу, өнүгүшү коомдун өнүгүүсү жана өзгөрүүсү менен тыгыз байланыштуу. Кыргыз тилинин заманбап саясий терминологиясын термин жаратуу шартына жараша ар бир кесипкөй адистин, саясий терминологдун ишмердиги катары баалоо менен мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлигинин терминологиясын учурда мыйзамдуу күчкө ээ болгон Конституция жана Министрлер кабинети жөнүндөгү мыйзамдындагы берилген саясий терминдерге иликтөө жүргүзүү – учурда актуалдуу маселелердин бири. Конституциянын, мыйзам актыларынын жана Министрлер кабинетинин токтомдорунун мисалында билим берүү шарттарын изилдөө жана кыргыз тилинин заманбап саясий терминологиясына баа берүү ар бир кесипкөй терминологдун ишмердигиндеги актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Макалада өлкөбүздүн тарыхы, кабыл алынган конституциялар жана айрым саясий терминдердин колдонулушу тууралуу маалымат берилген.

*Түйүндүү сөздөр:* тарых; мыйзам; термин; саясий сөздөр; Конституция; саясий абал; коом; өкмөт; расмий текст; мамлекет.

# SOME POLITICAL TERMS USED IN THE CONSTITUTION OF THE KYRGYZ REPUBLIC (BASED ON THE CONSTITUTION AND LAW)

***B.T. Apyshova***

*Abstract.* Terms as a set of words make up the main group of lexical layers of the Kyrgyz language. The emergence and development of terms is closely related to the development and transformation of society. Legislative assessment of the modern political terminology of the Kyrgyz language as the activity of every professional, political terminologist, depending on the conditions of terminology education, the terminology of the executive branch is one of the topical

issues. The article first provides information about the historical history of our country, the adopted Constitutions and the use of certain political terms.

*Keywords:* history; law; term; political words; constitution; political situation; society; government; official text; state.

**Киришүү.** Кыргыз тилинин заманбап саясий терминологиясын термин жаратуу жагдайына жараша ар бир кесипкөй адистин, саясий терминологдун ишмердиги катары баалап, бийлик бутактарынын (мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигинин) терминологиясын акыркы кабыл алынган Конституция менен Министрлер кабинети жөнүндөгү мыйзамдын негизинде иликтөө жүргүзмөкчүбүз. Макалабызда саясий документтерди, анда кездешкен саясий терминдерди бергенге аракеттенебиз. Алгач, мамлекетибизде кабыл алынган конституцияларга токтолмокчубуз.

Кыргыз элинин тарыхы узак жолду басып өткөнү маалым. 1924-жылы болуп өткөн СССРдин Бүткүл Союздук аткаруу комитетинин сессиясында РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөн (14.10.1924-ж.). Бир жылдан кийин аталган автономиялык областынын расмий аталышындагы кара лексемасы алынып, Кыргыз Автономиялуу Республикасы деп аталып калган. 1926-жылдын 1-февралында Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасы (Кыргыз АССРи) деп аталып, саясий жактан РСФСРдин курамында кала берген. 1936-жылдын 5-декабрында кабыл алынган СССРдин Конституциясына ылайык Кыргыз АССРи өзүнүн саясий статусун өзгөртүп, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы деп аталып, СССРдин курамына тең укуктуу мамлекет катары кирген.

1990-жылдын 11-декабрында он экинчи болуп шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3-сессиясынын 12-декабрындагы чечимине ылайык кыргыз мамлекети – Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы – Кыргыз Республикасы деп аталып, кайрадан СССРдин курамында калган.

Жогоруда белгилегендей, кыргыз эли бир канча доорлорду басып өткөн. Ошол мезгилдерде көптөгөн конституциялар кабыл алынган. 1924–2021-жылдар аралыгында коомдук саясий абалына жараша бир топ жолу кабыл алынган баш мыйзамдарды санактан өткөрөлү:

1. Кыргыз АССРинин Конституциясы (30.04.1929-ж.);
2. Кыргыз ССРинин Конституциясы (20.03.1937-ж.);
3. Кыргыз ССРинин Конституциясы (20.04.1978-ж.);
4. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (05.05.1993-ж.) (06.12.1994-ж.; 10.02.1996-ж. – референдумга ылайык өзгөртүүлөр киргизилген; 1998-ж.; 2003-ж.);
5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (21.10.2007-ж.);
6. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (27.06.2010-ж.; өзгөртүүлөр – 2016-ж., декабрь);
7. Кыргыз Республикасынын конституциясы (05.05.2021-ж.).

Ар бир мезгилдин өзүнө тиешелүү саясий лексикасы, саясий терминдери ошол учур, коом менен бирге айкалышып келген.

**Изилдөөнүн методдору.** Макаланы жазууда топтоштуруу, анализдөө методдору колдонулду жана Кыргыз Республикасынын конституцияларынан алынган саясий терминдер берилди. Аталган усулдар тилдик изилдөөлөрдө кеңири колдонулат.

**Изилдөөнүн материалдары жана жыйынтыктары.** Б.Ө. Орузбаева терминдердин жаралуу булактары, улуттук терминологияны илимий аспектиде изилдөө милдеттери, терминдердин окуу китептеринде, сөздүктөрдө жана энциклопедиялык маалыматтык адабияттарда берилиши жаатында илимий макалаларды жана практикалык иштерди аткаруу боюнча зор эмгек кылган. Белгилүү тарыхчы жана саясат таануучу А. Акунов “республика”, “советтик” жана “социалисттик” саясий терминдерин төмөнкүдөй таржымалдайт: «Кыргыз ССРи деген аталышта деле «республика» деген түшүнүк бар болгон жана ал мамлекеттик бийлик, мурасталбайт, атадан балага өтпөйт, бул монархия эмес, бул – республика, бийликтин булагы – эл, мамлекет шайлоо жолу менен келген эл өкүлдөрү аркылуу башкарылат деген маанини берген. … «Советтик» дегени

СССРдеги мамлекеттик бийлик жумушчу менен дыйкандардын советтерине таандык. «Социалисттик» термини максатка умтулгандыкты билдирип, келечекти, коммунисттик коомго барчу жолду аныктап турган» [1, 114–115-бб.].

Жогорку текстте жана *цитатада саясат, бийлик, мамлекет, автономиялык область/республика, Конституция, монархия* политемалары, *жумушчу, дыйкан, социалисттик, совет(тик), демократия, эл* идеологемалары, *Жогорку Совет, шайлоо* социологемалары Кыргыз Республикасынын саясий картинасын белгилүү даражада чагылдырып турат.

Конституциялардын кабыл алынышы менен кыргыз тилинин саясий терминологиясы да толукталып, байып турат. Бул, биринчиден, аталган мыйзамдын текстинен, экинчиден, аны кабыл алууда колдонулган терминдер системасынан даана көрүнөт.

Алсак, "Президент" – мамлекет башчысы, жогорку кызмат адамы жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигин жетектейт (2021-жылкы Баш мыйзамда, 66-берене), 2010-жылкы баш мыйзамда "Президент" мамлекет башчысы болуп саналат," (60-берене) – деп белгиленген. Ал эми 2001-жылдагы Баш мыйзамда 42-беренеде "Президент Кыргызской Республики является главой государства (мамлекет башчысы), высшим должностным лицом Кыргызской Республики (15 января 2007 года № 2. URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1164).

Бул тексттен даана көрүнүп тургандай, президент бир эле учурда мамлекет башчысы жана аткаруу бийлигинин жетекчиси катары эсептелет. Мындай саясий концепцияны чагылдырган КРдин Конституциясы менен Министрлер кабинети жөнүндөгү мыйзамда төмөндөгүдөй саясий терминдер катышат: *мамлекет башчысы, жогорку кызмат адамы, аткаруу бийлиги, элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдиги, адамдын, жарандын укуктары, эркиндиктеринин кепили, мамлекеттин ички жана тышкы саясаты, мамлекеттик органдарды координациялоо, эгемендик, аймактык бүтүндүгүн коргоо, шайлоо, мамлекеттик тил, мамлекеттик тил саясаты, мамлекеттин өнүгүү программасы, президенттикке талапкер, шайлоо тартиби, Конституциялык мыйзам, элине ант берүү, президенттин ыйгарым укуктары, саясий партия, Министрлер кабинетинин түзүмү, Министрлер кабинетинин төрагасы, Жогорку Кеңештин макулдугу, курултай, аткаруу бийлиги, жергиликтүү бийлик, жергиликтүү мамлекеттик администрация, Президенттин администрациясы, Коопсуздук кеңеши, мамлекеттик катчы, балдар укугу, депутат, референдум, жергиликтүү кеңеш, мыйзам долбоору, сот адилеттүүлүгү, Конституциялык сот, Жогорку Сот, башкы прокурор, Улуттук банк, Эсептөө палатасы, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, эл аралык келишим, ратификациялоо грамоталары, чет мамлекет, дипломатиялык өкүлчүлүк, эл аралык уюмдар, туруктуу өкүлдөр, Куралдуу күчтөрүнүн Башкы колбашчысы, өзгөчө абал киргизүү, жалпы же жарым-жартылай мобилизациялоо, баскынчылык, баскынчылык коркунучу, согуштук абал, коопсуздук кызыкчылыктары, мамлекеттик сыйлык, ардак наамдар, жогорку аскердик наам, дипломатиялык рангдар, ырайым кылуу, жарлык, тескеме, жазык жоопкерчилиги, кылмыштын белгилери, экс-президент, статус.* Оозеки кепте президент – эл башчысы, ажо – сыяктуу лексемалар аркылуу вербалдашып да келген.

Учурда АКШда жана Россияда "мамлекет башчысы" лексемасы басымдуулук кылат (president – 88,9 %; президент – 92,8 %) [2, 7, 14-бб.]. Түшүндүрмө сөздүктөрдүн, энциклопедиялардын жана АКШ менен Россиянын конституцияларынын маалыматтарына таянсак, *president* жана *президент* концепттеринин курамдарында бир нече түшүнүк белгиси бар экендигине ишенебиз. Ал концепттердин жалпы белгилери: *төрага, башчы, бийлик органынын башчысы, мамлекет башчысы, кызмат адамы, башкаларга төрагалык кылуучу жана башкаруу катары тандалган же шайланган жак, өкмөт башчысы, мекеменин жетекчиси, коммерциялык эмес бирикменин жетекчиси, чогулуштун жетекчиси, коммерциялык уюмдун жетекчиси, ардактуу титул*. Президент концептинин түшүнүк талаасына кирбеген белгилер да бар [2, 13, 22-бб.].

Мыйзам чыгаруу бийлигинин органдары мамлекеттин негизги мыйзамы – Конституция аркылуу бекитилген жана анын жогорку

органы – Жогорку Кеңеш. Бул расмий текстте саясий дискурс төмөнкү саясий терминдер аркылуу жүзөгө ашкан: *Жогорку Кеңеш, Кыргыз Республикасынын парламенти, мыйзам чыгаруу бийлиги, контролдук функциялары, жогорку өкүлчүлүктүү орган, депутат, шайлоо, шайлануу укугу, Конституциялык мыйзам, фракция, депутаттык топ, сессия, депутаттык ишмердик, добуш берүү, мамлекеттик же муниципалдык кызмат, коммерциялык уюм, байкоочулар кеңеши, илимий, педагогикалык, чыгармачылык иш, чакырылыш, жарандыктан чыгуу, башка мамлекеттин жарандыгын алуу, депутаттык мандат, шайлоо, референдум, Борбордук комиссия, мыйзамдарды кабыл алуу, мыйзамдарга расмий чечмелөө, эл аралык келишимдерди ратификациялоо, денонсациялоо, мамлекеттик чек араларды өзгөртүү, Министрлер кабинетинин төрагасын, анын орун басарларын жана Министрлер кабинетинин мүчөлөрүн дайындоого макулдук берүү, республикалык бюджетти бекитүү, республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө Министрлер кабинетинин ар жылдык отчёт угуу, административдик-аймактык түзүлүштүн маселелерин кароо, мунапыс жөнүндө актыларды чыгаруу, президенттик шайлоону дайындоо, референдум өткөрүү жөнүндө сунуш киргизүү, сот адилеттиги, сунуштама, соттун судьяларын шайлоо*. Мисалдарда даана көрүнүп тургандай, мыйзам чыгаруу бийлигинин терминологиялык системасы бийликтин органдарын репрезентациялаган лексемалар жана алардын ишмердигин чагылдырган сөз айкаштары аркылуу куралат.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы» (2021-жылдын 11-октябры № 122) «Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндө» кабыл алынган Мыйзамда семантикалык-функциялык талааны чагылдырган терминологиялык система төмөндөгүдөй терминдерден турат: *жөнгө салуу предмети, аткаруу бийлигинин органдарынын тутуму, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетин (мындан ары Министрлер кабинети), укуктук статус, укук, милдет, жоопкерчилик, укуктук коргоо, социалдык кепилдик, министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, президенттин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү (мындан ары ыйгарым укуктуу өкүл), жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Конституция, Конституциялык мыйзам, мыйзам, акт, адилеттиктин жана мыйзамдын үстөмдүгү, жеке жоопкерчилик, коомго пайдалуулук, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, ыйгарым укук, айкындык жана ачыктык, кеңеш, отчёттуулук, Министрлер кабинетинин түзүмү жана курамы, министрликтер, мамлекеттик комитеттер, жеке демилге, министрлер, мамлекеттик комитеттердин төрагалары, Президентинин администрациясынын жетекчиси, Жогорку Кеңештин макулдугу, дайындаоо, талаптар, чектөөлөр, талапкерлик, макулдашуу, кызматтан кетүү, чечим кабыл алуу, макулдук берүүдөн баш тартуу, ыйгарым укуктар, соттун чечими, мамлекеттик кызматчы, мамлекеттик кызмат, соттуулугу бар, шайлануучу органдын депутаты, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ишкердик иш жүргүзүү, эл аралык, чет өлкөлүк уюмдар, чет өлкөлүк коммерциялык эмес, өкмөттүк эмес уюмдар, түзүмдүк бөлүмдөр, камкордук же байкоочу кеңештери, кызматтык абалын пайдалануу, саясий партияларды түзүү, катышуу көмөк көрсөтүү, референдум, шайлоо өнөктүгү, административдик ресурс, иш таштоолор, митингдер, коммерциялык уюмдар, уставдык капитал, менчигинде турган үлүш (акциялардын пакети), жеке кызыкчылыкты жогору коюу, мамлекеттик кызматчынын этикасын сактоо, ыйгарым укуктар, милдеттер, кылмыш-жаза иши, башкы прокурор, республикалык бюджет, акчалай сыйакы, социалдык пакет, турак жай алуу укугу, компенсация, административдик ведомство, коопсуздук чаралары, кызматтан кетүү, Жогорку Кеңеш, Элдик курултай, мамлекеттин ички жана тышкы саясаты, ишеним жоготуу, соттун айыптоочу өкүмү, мыйзамдуу күчүнө кирүү, аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелүү, талаптарды жана чектөөлөрдү бузуу, кызматтык тергөө жүргүзүү, соттук териштирүү, актылары, кайрылуулар, тапшырмалар, токтом, тескеме, контролдоо, мыйзамдуулук, жарандардын укуктары, эркиндиктерин камсыз кылуу.*

Изилдөөнүнүн жыйынтыгында төмөндөгүлөр аныкталды:

1. Кыргыз Республикасынын конституцияларындагы расмий текстте саясий дискурс бир нече саясий терминдер аркылуу жүзөгө ашкандыгы.

2. Мыйзам чыгаруу бийлигинин терминологиялык системасы бийликтин органдарын репрезентациялаган лексемалар жана алардын ишмердигин чагылдырган сөз айкаштары аркылуу куралгандыгы.

3. Семантикалык-функциялык талааны чагылдырган терминдерден тургандыгы.

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтканда, XII кылымды камтыган кыргыз парламентаризми жана демократиясы нечендеген элдик саясий лексиканы, анын ичинде саясий терминдерди жаратканына шек жок. Алардын көбү саясий айдыңда жоголду, бир тобу элдик чыгармаларда калды, айрымдары гана бизге жетти.

Демек, коом өзгөрүп, мезгил алмашкан сайын кыргыз саясий лексикасында, аны менен бирге саясий терминдеринде да толуктоолор, өзгөрүүлөр болуп турат.

Поступила: 26.09.23; рецензирована: 11.10.23; принята: 13.10.23.

***Адабияттар***

1. *Акунов А.* Кыргызстан эгемендик доорунда (1991–2021-жж.) / А. Акунов. 2-бас., тол. жана оңд. Бишкек: Калем, 2021. 1040 б.
2. *Хренова А.В.* Историческая динамика концептов president и президент в американских и российских СМИ: АКД / А.В. Хренова. Екатеринбург, 2017.